**10- класстар үчүн А.А.А.____________________классы ____________________**

**I чейрек . I вариант . Кыргыз тили**

1. … Бул иш 1924-жылы болгон. Ооба , мен жакшы билем, так ошол жылы…

Анда азыркы биздин айылыбыз турган жерде он-он беш түтүн жатакчылар болор эле. Анда мен он төрттөгү жетим кыз аталаш туугандардын колунда жүргөм. Ошол жылы күздө, малдуу-жандуулар кыштоого көчүп өткөндөн кийин , биздин айылга мен башта көрбөгөн аскер шинель кийген чоочун жигит келди.

Бул текст кептин кайсы түрүнө тиешелүү?

а )баяндоо б) сүрөттөө в ) ой жүгүртүү

г) эч бирине тиешелүү эмес д) бардыгына тиешелүү

2. Түгөнбөгөн ойлорун ойлоп жүрүп отурду.Карылыгын , ичер суусу , көрөр күнү байып баратканын ойлоду. Ошондо да желе тарткан тобунан адашып калган куштуй жалгыз өлгүсү келбеди...

Бул текст кептин кайсы түрүнө тиешелүү?

а )баяндоо б) сүрөттөө в ) ой жүгүртүү

г) эч бирине тиешелүү эмес д) бардыгына тиешелүү

3. **Макроэкономика**-улуттук экономика кандай өнүгүп жатат деген маселерди окуп-үйрөтөт.Ал өндүрүлгөн продуктулардын көлөмү кандай , жалпы киреше канча экендигин аныктайт.

Жогорудагы көрсөтүлгөн текст стилдин кайсы түрүнө мүнөздүү?

а) көркөм б) илимий в ) публицистикалык г ) расмий д) расмий эмес

4. Устав _________ таандык.

а) көркөм стилге б) илимий стилге в ) публицистикалык стилге

г ) расмий иш кагаздарына д) расмий эмес иш кагаздарына

5. Илимий стилде адабияттардан алынган ________ камтылышы жеке айырмачылыгын айгинелейт.

а) сырдык сөздөрдүн б) тууранды сөздөрдүн в ) цитатанын

г ) макал-лакаптардын д) апыртуу сөздөрдүн

6. Сиздердин көңүлүңүздөрдү аянттагы Кыргызстандын эгемендүүлүгүнө карата өтүп жаткан иш-чарага бурабыз. Бүгүн байкагандай , бардыгында майрамдык маанай. Эл арасынан топтолгон “эл шайырлары” өз өнөрлөрүн тартуулап жатат. Бүгүн кечке чейин майрамдык маанай уланмакчы. Бизден алыстабай, чогуу күбө болуңуздар.

Жогорудагы көрсөтүлгөн текст стилдин кайсы түрүнө мүнөздүү?

а) көркөм стилге б) илимий стилге в ) публицистикалык стилге

г ) расмий иш кагаздарына д) расмий эмес иш кагаздарына

7. Жоон үндүүлөр катышкан сөздү белгиле.

а)китептер б) балыктар в)энелер г) үйлөр д)инилер

8.Кош эринчил үнсүздөрдү белгиле.

а) ф,в,б б)б,п,м, в)п,ф, д г) з,с, м, д)н,л,щ

9. Тыбыш менен тамганын саны бирдей болбогон сөздү белгиле.

а) мазмун б) чечим в) сахна г) асман д)татаал

10. <u>Бактылуу болгон балдардын</u> көздөрү бир башкача жайнап турду.

Алды сызылган сөздүн аткарган синтаксистик кызматын белгиле.

а) ээ б) баяндооч в) аныктооч г)толуктооч д)бышыктооч

11. <u>Кытай Эл Республикасында</u> дүйнөлүк кароо-сынакта Раиса үчүнчү орунга ээ болду.

Алды сызылган сөздүн аткарган синтаксистик кызматын белгиле.

а) ээ б) баяндооч в) аныктооч г)толуктооч д)бышыктооч

12.Мөмө-жемиштерге арналган фестиваль болуп өттү.

Атоочтук түрмөктү белгиле.

а) мөмө-жемиштерге арналган б) арналган фестиваль в) фестиваль г) фестиваль болуп өттү

д) болуп өттү

13.Кириндиi сөздүн синтаксистик кызматы:

а) ээ , баяндооч б) синтаксистиин бардык кызматын аткарат в) аныктооч, бышыктооч

г)толуктооч д) синтаксистин эч бир кызматын аткарбайт

14. Кайсы сүйлөмдө тыныш белги туура коюлган?

а) Суу жүрөк дагы эле баягы коркоктугуңду карматтыңбы.

б) Суу жүрөк дагы эле баягы коркоктугуңду карматтыңбы ?

в) Суу жүрөк , дагы эле баягы коркоктугуңду карматтыңбы?

г) Суу -жүрөк дагы эле баягы коркоктугуңду карматтыңбы.

д) Суу жүрөк , дагы эле баягы коркоктугуңду карматтыңбы?

15. Эл ичи _______ .

Макалды толукта.

а) сандык б) байлык в) өнөр кенчи г) сарандык д)жакшылыктын белгиси

16. Кайсы сүйлөмдө тыныш белги туура коюлган?
а) Ата-бабаларыбыз, адеп башы тили боло тургандыгын айтып келген.
б) Ата-бабаларыбыз, адеп башы тили деп айтып келген.
в) Ата-бабаларыбыз: “Адеп башы- тил” – деп айтып келген.
г) Ата-бабаларыбыз: “Адеп башы- тил” деп айтып келген.
д) Ата-бабаларыбыз “Адеп башы- тил” – деп айтып келген.
17. Дарвин __________ ар түрдүү породалары менен өсүмдүк сорттору ______ жасалма тандоонун негизинде түзүлгөнүн белгилеген.
Жогорудагы бош орундарга кайсы катардагы сөздөрдү уласак , мааниси туура келет?
а)адамдардын / жаныбарлардын б) жаныбардын/ адам тарабынан
в) дан өсүмдүктөрүнүн/ окумуштуулардын г)табигый/ аз түшүмдүү
д)буудай данынын/ көгүчкөндөр
18.Жагымсыз жыттан арылуу үчүн жей турган азык-түлүктү да тандоого туура келет майлуу куурулган тамактар пияз ачуу калемпир сыяктуу татымалдар жагымсыз жыттын күчөшүнө алып келет.
Жогорудагы татаал сүйлөм канча жөнөкөй сүйлөмдөн турат?
а) 1 б) 2 в) 3 г) 4 д) 5
19. Кайсы катардагы сүйлөмдө кыймыл-аракет өзү тарабынан ишке ашты?
а)Адамдар тарабынан көп иштер болуп кеткенине сүйлөндү.
б) Адамдар тарабынан көп иштер болуп кеткенин сүйлөттүрдү.
в) Адамдар тарабынан көп иштер болуп кеткенине сүйлөдү.
г) Адамдар тарабынан көп иштер болуп кеткенин сүйлөткүздү.
д) Адамдар тарабынан көп иштер болуп кеткенин сүйлөштү
20. Алина, Наргиза, Нуркыз -11-класстын окуучулары, кичинекей балдарга жардам беришти.
Обочолонгон түшүндүрмө мүчөнү тап.
а) Алина, Наргиза, Нуркыз б ) 11-класстын окуучулары
в) кичинекей балдарга г) жардам беришти д) кичинекей балдарга жардам беришти

21 . **БЕШ ЖАШАР БАЛАНЫ ЖАНЫНДАЙ КӨРГӨН ПИТОН**
(1)Беш жаштагы Денис 8 метр узундуктагы питон менен чогуу жашаганына 4 жыл толот. (2) Ага жыланды бир жашында аяш атасы белекке берген. (3)Баарынан кызыгы, питон уктарда бала менен гана уктайт. (4)Эгерде баланы кимдир бирөө уруп же уруша турган болсо, питон кол салганга даяр. (5) Денис да ансыз өзүн элестете албайт.
21.1 Тексттеги берилген негизги ой кайсы?
а) Денис менен питондун жашоосу
б) аяш атасынын белеги тууралуу
в) питондун башкаларга кол салышы
г) питондун балага болгон сүйүүсү
д) Денистин питонсуз жашоосу жөнүндө

21.2. Текстте кептин кайсы түрү орун алган?
а ) сүрөттөө б) баяндоо в ) ой жүгүртүү
г) эч бирине тиешелүү эмес д) бардыгына тиешелүү
21.3. Схемага туура келген сүйлөмдү белгиле.
а) 1 –сүйлөм б) 2 –сүйлөм в) 3 –сүйлөм г) 4 –сүйлөм д) 5 –сүйлөм
21.4. Денис кимсиз өзүн элестет албайт?
а) үй –бүлөсүз б) уйкусуз в)питонсуз г) урушсуз д) жаныбарларсыз
21.5. Сүйлөмдөрдүн кайсынысы татаал сүйлөм?
а) 1 –сүйлөм б) 2 –сүйлөм в) 3 –сүйлөм г) 4 –сүйлөм д) 5 –сүйлөм

**10- класстар үчүн А.А.А.____________________________ классы ______________**

**I чейрек . II вариант . Кыргыз тили**

1. … Биздин кийинки жылдары эсте каларлык бирге саякатыбыз Энесай бою , Хакас, Тува, Алтай жерине барганыбыз болду. Эки жолу удаа бабаларыбыздын буту баскан жерлерин кыдырдык. Боордош элди , анын маданитятын, салтын , кооз жерин көрдүк. Талаа-түздө уктадык, суусун ичтик.
Бул текст кептин кайсы түрүнө тиешелүү?
а )баяндоо б) сүрөттөө в ) ой жүгүртүү
г) эч бирине тиешелүү эмес д) бардыгына тиешелүү
2. Күлүк күнүң кетти, тулпар тушуң өттү, Гүлсарым. .. Бирок бу дүйнөдө көзүм тирүү кезимде сен өлбөйсүң, дайыма менин эсимде жүрөсүң.Сенин дүбүртүң бу дүйнөдө менини өмүрлүк ырым болуп кошо жүрөр...
Бул текст кептин кайсы түрүнө тиешелүү?

а )баяндоо б) ой жүгүртүү в ) сүрөттөө
г) эч бирине тиешелүү эмес д) бардыгына тиешелүү
3. **Инфляция** -кагаз акчаны артыкбаш чыгаруудан жүгүртүү чөйрөсүндө акчанын ашып калышы.Чыгарылган кагаз акчанын саны өзгөрүүсүз турганда жүгүртүүдөгү товардын азайып кетишинин натыйжасында инфляция болушу мүмкүн.
Жогорудагы көрсөтүлгөн текст стилдин кайсы түрүнө мүнөздүү?
а) көркөм б) публицистикалык в ) илимий
г ) расмий д) расмий эмес
4. Программа _________ таандык.
а) көркөм стилге б) илимий стилге в ) публицистикалык стилге
г ) расмий эмес иш кагаздарына д) расмий иш кагаздарына
5. Илимий стилде ________ болушу жеке айырмачылыгын айгинелейт.
а) сырдык сөздөрдүн б) тууранды сөздөрдүн в ) цитатанын
г ) ойдун тактыгынын д) негизги иликтөөлөрдүн болбошу же
6. –Талантынызга канчалык денгээлде ишенесиз?
- Жакшы эле ишенем.
- Теле жаатында да өзүңүздү сынап жүрдүңүз. Бул кесибинизди улантууну көздөйсүзбү?
- Көгүлтүр экранда, кадр артында да иштеп, көп эле тажрыйба топтодум. Бирок кайра улантуу негизги планымда жок.
Жогорудагы көрсөтүлгөн текст стилдин кайсы түрүнө мүнөздүү?
а) көркөм стилге б) илимий стилге в ) публицистикалык стилге
г ) расмий иш кагаздарына д) расмий эмес иш кагаздарына

7. Жоон үндүүлөр катышкан сөздү белгиле.
а)билим б) береке в) үмүт г) өрдөк д)ырыс
8.Орточул үнсүздөрдү белгиле.
а) ф,в,д б)б,п,м, в)й, к(и), г(и) г) к(ы),г(ы), н д) з,с, м,
9. Тыбыш менен тамганын саны бирдей болбогон сөздү белгиле.
а) май б) берешен в) март г) январь д) үй-бүлө
10. <u>Ар бир иштин</u> көзүн таап жасайт.
Алды сызылган сөздүн аткарган синтаксистик кызматын белгиле.
а) ээ б) баяндооч в) аныктооч г)толуктооч д)бышыктооч
11. Нанды муздаткычта эмес, бөлмөнүн <u>көлөкө жеринде</u> сактаган он.
Алды сызылган сөздүн аткарган синтаксистик кызматын белгиле.
а) ээ б) баяндооч в) аныктооч г)толуктооч д)бышыктооч
12.Көчөдө калган балдарды көрүп, зээниң кейийт.
Атоочтук түрмөктү белгиле.
а) Көчөдө калган б) калган балдарды в) балдарды көрүп г) зээнин кейийт д) кейийт
13.Каратма сөздүн синтаксистик кызматы:
а) ээ , баяндооч б) синтаксистиин бардык кызматын аткарат в) аныктооч, бышыктооч г)толуктооч д) синтаксистин эч бир кызматын аткарбайт
14. Кайсы сүйлөмдө тыныш белги туура коюлган?
а) Бүгүн сабакта көнүлүңөрдү ачып олтургулачы балдар!
б) Бүгүн сабакта көнүлүңөрдү ачып, олтургулачы балдар!
в) Бүгүн сабакта көнүлүңөрдү ачып, олтургулачы, балдар! ?
г) Бүгүн сабакта көнүлүңөрдү ачып олтургулачы, балдар!
д) Бүгүн сабакта, көнүлүңөрдү ачып олтургулачы балдар!
15. Өнөр алды кызыл _______ . Макалды толукта.
а) жакут б)комуз в)тил г)өнөр д)эмгек
16. Кайсы сүйлөмдө тыныш белги туура коюлган?
а)"Бийиктөө үчүн тереңдөө керек",- деп, дайыма айтып келе жатат .
б) Бийиктөө үчүн тереңдөө керек деп эл оозунда айтылып келе жатат.
в) "Бийиктөө үчүн тереңдөө керек" деп айтылып келе жатат.
г) Бийиктөө үчүн тереңдөө керек,- деп айтылып келе жатат.
д) Бийиктөө үчүн тереңдөө керек - деп, айтылып келе жатат

17. Биздин түпкү тегибиз, жаныбар дүйнөсүнөн ________ көтөрүлүп, адам татаал жана ___________ калыптануу процессинде азыркы адам түрүнө айланган.
Жогорудагы бош орундарга кайсы катардагы сөздөрдү уласак , мааниси туура келет?
а)тез убакытта / жай убакытта б)жогору / узакка калыптанган в)бир багытта/ оңой
г)сапаттык түрдө /тажрыйба д)байыркыдан /таш куралдарынын
18.Мындан сырткары көп ачуулануууга болбойт адам өзүн тынч кармап магнийге бай азыктарды көбүрөөк жеш керек бул стрессти төмөндөтүүгө жана тердин аз бөлүнүп чыгуусуна жардам берет..
Жогорудагы татаал сүйлөм канча жөнөкөй сүйлөмдөн турат?
а) 1 б) 2 в) 3 г) 4 д) 5
19. Кайсы катардагы сүйлөмдө кыймыл-аракет өзү тарабынан ишке ашты?
а) Жагымдуу жытты пайда кылуу үчүн атырды себиништи.
б) Жагымдуу жытты пайда кылуу үчүн атырды септирди .
в) Жагымдуу жытты пайда кылуу үчүн атырды себинди.
г) Жагымдуу жытты пайда кылуу үчүн атырды септи.
д) Жагымдуу жытты пайда кылуу үчүн атырды себишет.
20. Баарыбызга билим берген- тиги –мектептин мугалимдери.
Обочолонгон түшүндүрмө мүчөнү тап.
а) Баарыбызга билим б ) билим берген
в) тиги г) тиги мектептин д) мектептин мугалимдери

21. **АДАМДЫ АКУЛАДАН АМАН АЛЫП КАЛГАН ДЕЛЬФИН**
(1) Бул окуя дүйнө жүзүн таң калдырган. (2)Тодд Эндрис аттуу адам бир күнү дарыяда серфинг менен алек болуп жатып, акулага туш болгон. (3)Акула Эндриске үч жолу чабуул жасаган. (4)Биринчисинде бутунун алдындагы серфингди катуу канаты менен урса, экинчисинде оң жак капталын капшыра тиштеген.(5)Ал эми үчүнчү соккуда дельфин жарадар адамды тумшугу менен жээкке сүйрөп чыккан. (6)Таңкаларлык куткаруудан кийин Тодд Эндрис аман калган.
21.1. Тексттеги берилген негизги ой кайсы?
а) акуланын адамга кол салышы тууралуу
б)дельфиндин адамды куткарышы тууралуу
в) Тодд Эндрис аттуу адамдын окуясы жөнүндө
г) акуланын Тодд Эндристи тиштеши
д) Тодд Эндристин аман калышы
21.2. Текстте кептин кайсы түрү орун алган?
а ) сүрөттөө б) баяндоо в ) ой жүгүртүү
г) эч бирине тиешелүү эмес д) бардыгына тиешелүү
21.3. Схемага туура келген сүйлөмдү белгиле.

а) 1 –сүйлөм б) 2 –сүйлөм в) 3 –сүйлөм г) 4 –сүйлөм д) 5-6 –сүйлөм
21.4. Бул окуя кимди таң калтырды?
а) адамдарды б)бизди в)дүйнө жүзүн г) Тодд Эндристи д) акуланы
21.5. Сүйлөмдөрдүн кайсынысы татаал сүйлөм?
а) 1-2 –сүйлөм б) 2,4 –сүйлөм в) 3,5 –сүйлөм г) 4 –сүйлөм д) 5-6 –сүйлөм